**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Б. ДЖАМГЕРЧИНОВ АТЫНДАГЫ ТАРЫХ, ЭТНОЛОГИЯ ЖАНА АРХЕОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ**

**Д 07.23.671 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ**

**Кол жазма укугунда**
**УДК: 32:323(575.2):947.1(575.2)**

**Рыскулов Канатбек Кадыркулович**

# ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЯСИЙ ӨНҮГҮҮСҮНҮН ТАРЫХЫ (1991 – 2010жж.)

**07.00.02. – Ата Мекен тарыхы**

**Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2025**

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология кафедрасында аткарылган

**Илимий жетекчиси:** **Смадияров Сыдык Акунович**
тарых илимдеринин кандидаты, доцент, Ош мамлекеттик университетинин Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология кафедрасынын доценти

**Расмий оппонентте** **Ормушев Асан Сулайманович**
тарых илимдеринин доктору, профессор, Эл аралык Кувейт университетинин эл аралык мамилелер жана юриспруденция кафедрасынын профессору, ректордун кеңешчиси

**Өмүрова Жүрсүн Касымбековна**
тарых илимдеринин кандидадты, доцент, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик Университетинин жалпы тарых жана эл аралык мамилелер кафедрасынын доценти

**Жетектөөчү мекеме:** А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин тарых кафедрасы (723500, Н.Исанов к-сү 73)

Диссертациялык иш 2025-жылдын 30-апрелинде саат 13.00дө Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, этнология жана археология институтуна караштуу тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча уюштурулган Д 07.23.671 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720033, Бишкек ш., Фрунзе көч., 547. Диссертацияны коргоонун онлайн трансляциясынын идентификациялык коду: https://vc.vak.kg/b/072-7sm-mcz-hia

Диссертация менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720033, Бишкек ш., Фрунзе көч., 547) жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын (720071, Бишкек ш., Чүй пр. 265а) илимий китепканаларынан, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын сайтынан: https://vak.kg/ таанышууга болот.

Автореферат 2025-жылдын 30-апрелинде таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**тарых илимдеринин доктору** **Карыева А. К.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Кыргызстандын көз карандысыздык доору тарыхын саясий окуяларга бай, өтө татаал, ошол эле учурда изилдөө жүргүзүүдө бир катар кайчы пикирлерди жаратып келе жаткан өткөөл мезгил катары кароого болот. Андыктан изилдөөгө алынып жаткан мезгилдин мыйзам ченемдүүлүгүн так аныктоого муктаж. Эгемендүүлүк доордун саясий тарыхына терең талдоо жүргүзүүдө, тарыхый булактардагы маалыматтардын аныктыгын, чындыгын салыштырып, тарыхый окуялардын түпкү маңызын, себебин аныктоо алдыдагы маселелердин бири. Изилденип жаткан мезгилдин саясий тарыхына талдоо жүргүзүүдө, эл аралык уюмдардын, илимпоздордун, байкоочулардын, мамлекеттик органдардын пикирлерин жана көз караштарын эске алуу аркылуу так илимий жыйынтыктарды чыгаруу маселеси актуалдуу.

Кыргызстандын коомдук-саясий өнүгүүсү бир катар өзгөчөлүктөр менен түшүндүрүлөт. Эгемендик мезгилде Кыргызстандын тарыхында алгачкы улуттук мамлекеттик жаны башкаруу институттарынын түптөлүшү, алгачкы коомдук-саясий уюмдардын, партиялардын жаралышы саясий тарыхтагы өзгөрүүлөр тарыхчылардын гана эмес, жалпы эле коомдук илимдин өкүлдөрүнүн изилдөөсүнө муктаж.

Ошол эле учурда диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу, илимий изилдөөнүн хронологиялык чегине байланыштуу бир катар өзгөчөлүктөрдөн турат. 1991-2010-жылдары Кыргызстандын тарыхында биринчи ирет көз карандысыздык мамлекет катары жарыяланышы, жаны саясий институттардын түптөлүшү, Президенттик институтунун киргизилиши, парламенттик шайлоолордун өткөрүлүшү, Конституциянын кабыл алынышы, көп партиялуулук түзүлүштүн калыптана башташы, демократиялык өнүгүүгө карай багыт алуу, улуттук мамлекеттүүлүктүн символдорунун кабыл алынышы ж.б. жаны саясий элементтердин жаралышын, Эгемендүү Кыргыз Республикасынын саясий тарыхынын өнүгүүсүндөгү өзгөчөлүктөр катары баалоо зарыл.

Ошого карабастан каралып жаткан мезгил өлкөнүн саясий, социалдык-экономикалык тармагында кризистик кырдаалды, карама-каршылыктарды, элдик революциянын чыгышына, эки президентин үй-бүлөлүк, кландык башкаруу бийлигин кулатып, эл аралык тарыхта болуп көрбөгөн саясий окуянын жаралышын күбөлөндүргөн окуялар менен өзгөчөлөнөт. Кыргызстандын саясий турмушунда оппозициялык күчтөрдүн жаралышы гана эмес, нааразычылыкты билдирүүнүн түрлөрү катары кызмат аткарган митинг, пикет, ачарчылык сыяктуу саясий күрөштүн жаны ыкмаларынын жаралышы, өз алдынча изилденип, илимий баага муктаж.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) жана илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык иш демилгелүү эмгек болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдети.** Диссертациялык изилдөөнүн ***максаты*** эгемендүү Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүүсүнүн тарыхына талдоо берүү. Изилдөөнүн максатына ылайык төмөнкү **милдеттер** коюлду:

1. Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүү тарыхын изилдеген илимий эмгектерге тарыхнаамалык, булакнаамалык талдоо жүргүзүү, изилдөө методдорун аныктоо;
2. Өлкөдөгү коомдук-саясий кырдаалга баа берүүдө алгачкы коомдук уюмдардын түзүлүшүнө, өнүгүшүнө алардын коомго тийгизген таасирин изилдөөгө алуу;
3. Президенттик башкаруунун киргизилиши менен өлкөдө “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик көз карандысыздыгы жөнүндө” Декларациянын эл аралык маанисин көрсөтүү;
4. Өлкөдөгү көп партиялуулук системанын калыптануусуна жана түптөлүшүнө, алардын коомдук-саясий өзгөрүүлөргө тийгизген оң жана терс таасирлерине токтолуу;
5. Президенттик жеке бийликтин күч алышы менен үй-бүлөлүк, кландык башкаруунун коомчулукка тийгизген терс таасирлерин аныктоо;
6. Өлкөдө экономиканын деңгээли төмөндөөнүн элдик социалдык абалынын кескин начарлоосун, жумушсуздук, паракорлук, мамлекеттик менчикти талап тоноосун иликтөө;
7. 2005-жылдагы элдик революциянын себептери, жүрүшү, натыйжаларына баа берүү;
8. Элдик революциядан кийинки коомдук-саясий абалга талдоо жүргүзүү.

*Изилдөөнүн хронологиялык чеги:* 1991-жылдан 2010-жылдагы апрель окуясына чейинки мезгилди камтыйт. Анткени, 2010-жылы 6, 7, 8-апрель күндөрү Кыргызстандагы болгон саясий окуялардын натыйжасында, 7-апрель күнү өкмөт отставкага кетип, Президент К.Бакиев Оштогу резиденциясына качууга мажбур болгон. 2010-жылы 7-апрель күнү кечинде бийлик оппозициянын колуна өтүп, Убактылуу өкмөт түзүлгөн. Аталган саясий окуялар боюнча коомчулукта ушул мезгилге чейин түрдүү көз караштар өкүм сүрүп келүүдө жана келечекте өз алдынча изилдөөгө муктаж маселелердин бири экендигин шексиз.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

1. Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүүсүнүн тарыхын чагылдырган жаңы тарыхый булактар илимий айлампага киргизилди.
2. 2005-жылдагы март окуясын Кыргызстандын эгемендик доорундагы саясий, социалдык-экономикалык кризистердин натыйжасында жаралгандыгына карабастан, карапайым калктын жигердүү катышуусу аркылуу ишке ашырылган элдик революция катары баалоого болот.

**Диссертациянын илимий – практикалык мааниси.**

Диссертациянын илимий жыйынтыктарын жогорку жана орто окуу жайларда Кыргызстандын тарыхы, саясат таануу предметтерин окутууда, мамлекет таануу, инсан таануу багыттарында изилдөө иштерди жүргүзүүдө материал катары колдонулушу мүмкүн.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. 1990-жылдардын башындагы Кыргызстандагы коомдук жана коомдук-саясий уюмдардын, алгачкы партиялардын түзүлүшүн 70 жылдан ашуун өкүм сүрүп келген социалистик түзүлүштүн кризиске кабылышы, өлкөдөгү демократиялык, плюралистик көз караштардын жанданышынан улам жаралган көрүнүш катары кароо зарыл.

2. Кыргызстандын Эгемендүүлүк доорунун саясий тарыхында Президенттик башкаруу институтунун киргизилиши, суверендүүлүк жана көз карандысыздык жөнүндөгү декларациялардын кабыл алынышы союз кулагандан кийинки коомдук-саясий өнүгүүнүн талабы, мамлекеттик түзүлүштү реформалоонун мыйзам ченемдүү көрүнүшү катары баалоо керек.

3. Алгачкы президенттик башкаруу мезгилинде Баш мыйзамга толуктоолордун, өзгөртүүлөрдүн референдум аркылуу киргизилиши президенттин укуктарын кеңейтип, келечекте "үй-бүлөлүк", "кландык башкарууга" багыт алган саясий тарыхтагы кризистик абалга дуушар кылган көрүнүш катары балоого болот.

4. Кыргызстандагы көп партиялуулук түзүлүштүн калыптанышы эволюциялык мүнөздө жүрүп жаткандыгын белгилеп, өлкөнү өнүктүрүү боюнча стратегиялык программасын сунуш кылган, бир программанын алдында биригүүнү көздөшкөн саясий элитанын калыптануу мезгили, же болбосо партиялар өзүнүн тарыхында "балалык" доорун өткөрүп жаткандыгын баса белгилөө.

5. 2002-жылдагы Аксы окуясы андан кийинки өлкөнүн саясий, соцалдык-экономикалык абалынын начарлашы Кыргызстандын саясий өүгүүсүндөгү саясий кризистин терендеп бара жаткандыгын, "жогоркулардын эскиче башкара албай калган" кырдаал жаралып, революциялык кырдаалдын бышып-жетилип бара жаткандыгын айгинелеген көрүнүш катары кароого мүмкүндүк берет.

6. 2005-жылдын 24-март революциясын Кыргызстандын Эгемендүүлүк доорунун саясий тарыхындагы тарыхый өбөлгөлөрдүн, саясий, социалдык-экономикалык тармакта орун алган, бийлик менен элдин ортосундагы ажырымдын, элдин жакырдануусу, ички тышкы миграциянын күчөшү, паракорчулуктун тамырлашы, үй-бүлөлүк, кландык башкаруунун бекемделиши, руханий, нравалык кризистердин натыйжасында жаралган-элдик мүнөздөгү революция катары эсептөө.

7. Кыргызстандын саясий өнүгүү тарыхында эки президенттин башкаруу мезгилине мүнөздүү көрүнүштөр катары үй-бүлөлүк, авторитардык башкаруу, өз бийликтерин легитимдештирүү максатында Баш мыйзамга өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү, (1998-жылы декабрь, 2001-жылы октябрь, 2003-жылы декабрь, 2006-жылы февраль, 2007-жылы октябрда) референдумдарды өткөрүү, кадр саясатында Президенттердин бири түндүк кландын, экинчиси түштүк кландын өкүлдөрүнө таянуу аркылуу башкарып келиши Кыргызстандын саясий тарыхындагы перманенттик мүнөздө жүргөн башкаруу катары балоо зарыл.

**Изилдөөчүнүн өздүк салымы.** Илимий изилдөөнүн жүрүшүндө Эгемен Кыргызстандын саясий тутумунда жүргүзүлгөн реформаларга тарыхый илимий талдоо жасоо менен анын оң – терс жактарына баа берилип, өлкөнүн саясий (башкаруу) тутумун жакшыртуу боюнча практикалык сунуштар берилди.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын апробацияланышы.** Диссертациялык иштин негизги жоболору жана жыйынтыктары изилдөөчүнүн эл аралык, республикалык жана регионалдык илимий конференцияларда жасаган докладдарында жана ата мекендик, чет элдик басылмаларда жарык көргөн макалаларында чагылдырылган.

**Диссертациянын натыйжаларынын жарыяланышы.** Изилдөөнүн негизги илимий тыянактары автордун 10 илимий эмгегинде чагылдырылган, анын ичинен 9 макала РИНЦ журналдарда жарыяланган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, төрт баптан, тогуз бөлүмдөн, корутундудан, тарыхый булактардан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Иштин көлөмү 130 бет.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилдөөнүн актуалдуулугу, максаты жана милдеттери, илимий жаңылыгы, теориялык базасы, практикалык мааниси ачылып, коргоого коюлган негизги жоболор, изилдөөнүн хронологиялык алкагы, изденүүчүнүн жеке салымы жөнүндө маалыматтар берилет.

Биринчи бап “**Илимий изилдөөнүн тарыхнаамасы**” деп аталып Эгемендүү Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүүсүнүн тарыхынын тарыхнаамасына талдоо жүргүзүлөт. 1991-2010-жж. Эгемендүү Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүүсүнүн тарыхын изилдеген авторлордун эмгектерин бир канча топко бөлүп каралат. Анткени, Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүүсүн илимий обьект катары тарыхчылар гана эмес, жалпы эле коомдук илимдин өкүлдөрү тарабынан изилденген. Биринчи топко, саясий өнүгүүнүн тарыхын тарыхчы-окумуштуулар Ү. Чотонов, Н. Эсенкулов, З. Галиева, А. Арзыматова, А. Б. Болпонова Ч. Койчумановалардын ж.б. эмгектерин атоого болот. Окумуштуу Ү. Чотоновдун суверендүү мамлекеттин саясий, укуктук жана социалдык-экономикалык негиздерин, 1994, 1996, 1998, 2003-жылдардагы референдум аркылуу Конституцияга киргизилген өзгөрүүлөрдү, бийлик укуктарынынын президенттин колуна топтолушу, бийликти мыйзамсыз тартып алуу жолуна түшүшү каралган. Айрыкча А.Акаевдин бийлигинин алгачкы жылдары базар экономикасынын түптөлүшүнө, коомду либералдаштыруу, демократиялаштыруу боюнча салым кошконун тастыктап, бирок ошону менен бирге кадр саясатындагы кемчиликтери жердешчилик, кээ бир мамлекеттик кызматкерлердин турмуштук тажрыйбасы жок, демилгесиз болсо да жооптуу кызматтарга койгонун сындаган.

Ал эми Н. Эсенкуловдун көлөмдүү монографиялык изилдөөсүндө Кыргызстандын 1991-2005-жылдардагы экономикалык өнүгүүсүнүн негизги

тенденцияларына талдоо жүргүзүп, автор базар мамилелеринин түптөлүшү, менчиктештирүүнүн жүрүшү, анын кемчиликтерине кеңири токтолуп кеткен. 2005-жылдын Март окуясына мүнөздөмө берип, анын келип чыгыш себептерине токтолуп, Кыргызстанда революция болушуна бийликке каршы элдин көпчүлүк массасынын катышы, жогоркулар эскиче башкара албай калышы, төмөнкүлөр эскиче жашоону каалашпай калды деген дүйнөлүк революциянын абсолюттук законду болду деген оюн бекемдеген.

Кыргызстандагы саясий партиялардын абалына алгачкылардан болуп илимий талдоо жүргүзгөн окумуштуу З. Галиева саясий партияларды коомчулукта колдоосу алсыз, алардын өздөрүнүн электоратынын жоктугун белгилейт. Автор 2005-жылдын 24-мартындагы саясий окуяга төмөнкүдөй мүнөздөмө берген: "2005-жылдын 24-март окуясын бир жактуу белгилеп кетүү мүмкүн эмес. Элдик революция болгондугун таануу зарыл, өзгөчө түштүк тарапта, ал эми борбордо болсо тынчтык митинг өкмөт үчүн күч аркылуу басып алуу менен аяктады"- деген пикирин билдирген.

Окумуштуу А. А. Арзыматова "Системные предпосылки мартовский 2005 и апрельский 2010-года революции в Кыргызстане" – аттуу макаласы өзгөчө кызыгууну жаратат. Улуу Француз революциясынын тарыхына токтолгон автор, 2005-жылдагы Март, 2010-жылдагы Апрель окуяларынын мүнөзүнө баа берүү аракетин жасаган. А. Арзыматова 2005-жылдагы Март, 2010-жылдагы Апрель окуяларын мамлекеттик төңкөрүш катары баалоого болбойт, анткени мамлекеттик төңкөрүш элдин катышы жок, болжол менен 30-50 адамдын күчү менен ишке ашырылат деген оюн билдирген. Ал эми революциянын натыйжасында өзгөрүүлөрдүн болбогондугуна токтолуп, А. Арзыматова өз пикирин төмөнкүчө билдирет: "...бирок, биз эске алышыбыз керек, Англиялык буржуазиялык революция 20 жыл, Французлук революция 10 жыл, Октябрь революциясы толук бир өткөөл мезгилди талап кылган"- деп жазат.

Эгемендик доордун саясий тарыхын изилдөөгө салым кошкон окумуштуулардын катарына А.Б.Болпонованын изилдөөлөрүн атоого болот. Автордун изилдөөлөрү кеңири хронологиялык мезгилди камтып, кыргыздардын XIX к. уруулук коомдук түзүлүшү XXI к. трансформацияланып кландык башкаруу системасына өткөндүгүнө илимий талдоо жүргүзүлөт. Автор Кыргызстанда саясий үй-бүлөлүк кландык башкаруу А. Акаев, К. Бакиевдин авторитардык режимин күчөтүп, 2005 жана 2010-жылдагы элдин массалык наразычылыгына, элдик революцияларга алып келгендигин баса белгилейт. Автор эмгегинде А. Акаев, К. Бакиевдин мезгилиндеги кландык, үй-бүлөлүк башкаруунун орношу туурасында конкреттүү фактыларды келтирген. Албетте, А. Акаевдин мезгилинде кадрлардын көпчүлүгү түндүктөн, К. Бакиевдин мезгилинде болсо түштүктөн чыккан мамлекеттик кызматкерлердин жогорку кызматты ээлегендиги - тарыхый чындык.

Акыркы жылдары Кыргызстандын эгемендик доордогу өнүгүүсүнүн тарыхын изилдеген жаш окумуштуулардын изилдөөлөрү жаралды. Алардын катарына Б. Назаралиева, Т. Асантурова, А. Анарбаева, Ж. К. Өмүрова, А. Келдибеков, А. Арзыматовалардын изилдөөлөрүн кошууга болот. Т.

Асантурова, А. Анарбаевалар эгемендик доордогу коомдук уюмдардын жана саясий партиялардын калыптануу жана өнүгүүсүн, алардын коомдун саясий өнүгүшүнө тийгизген таасирин изилдөөгө алышса, Ж. К. Өмүрова болсо, "Асаба" улуттук кайра жаралуу партиясынын коомдук социалдык-экономикалык, саясий жана өзгөчө улут, тил маселелери боюнча ишмердүүлүгүнө талдоо берген.

Жаш окумуштуу Б. Назарбаева болсо, 2002-жылдын 17, 19-мартындагы Аксы районундагы кандуу окуялардын тарыхын изилденген. Аксы окуясынын келип чыгышынын себептери, райондун социалдык абалы, тарыхнаамалык жана булактаанучулук багыттагы тарыхый материалдарга талдоо жүргүзүү аракети жасалган.

Экинчи топко саясат тануучулардын, социологдордун, философтордун укук таануучулардын жана экономисттердин өлкөдөгү саясий өнүгүү тарыхы жөнүндө жазган эмгектерин кошууга болот. Алсак, Т. Ожукеева, А. Акунов, У. Чиналиев, Б. Орунбековдун, А. Князевдин, М. К. Укушев, Ж. А. Бокоевдин, З. Чотаевдин ж.б. эмгектеринде эгемендик доордогу саясий өнүгүүнүн тарыхын изилдөөгө алынган.

Белгилүү окумуштуу А. Акуновдун Кыргызстандын саясий өнүгүүсүн изилдеген илимий макалалары жана көлөмдүү эмгектери жарык көргөн. Акыркы жарык көргөн эмгегинде А. Акунов Кыргызстандын саясий өнүгүүсүнүн тарыхын хронологиялык түрдө сүрөттөп, түрдүү көз караштагы материалдарды, тарыхый фактыларды келтирүү менен саясий өнүгүүгө баа берүүгө аракет жасаган. А. Акуновдун эмгегинин өзгөчөлүгү 1991-2021-жылдардын аралыгындагы Кыргызстандын саясий, социалдык-экономикалык, руханий өнүгүүсүн гана эмес, эл аралык мамилелер, чек ара маселеси, диний, этностук жагдайларды изилдеген. Маселен "Кыргызстандын демократияга карай жолундагы "үч ашуу" жэ демократиянын үч толкуну катары: Аксы окуясы-демократияга карай татаал жолдогу биринчи ашуу"; 2005-жылдын 24-мартындагы "Жоогазын" революциясы демократияга карай жолдогу экинчи ашуу; 2010-жылдын 7-апрелиндеги революция демократияга карай татаал жолдогу үчүнчү ашуу" катары, үч чоң саясий толкунду белгилейт. Автордун изилдөөсүн эгемендик доордун тарыхнаамасына олуттуу салым кошкон эмгек катары баалоого арзыйт.

Саясат таануучу Б. Орунбеков саясий партиялардын калыптанышынын изилдөөгө алган. Автор, Кыргызстандагы партияларды бир канча топторго бөлүп кароону сунуштайт. Биринчи топко либералдык партиялар. Алар улуттардын ортосундагы радикализмди таанышпайт, улутуна, рассасына карабастан, атуулдардын тең укуктуулугун жакташат. Экинчи топтогу партияларга "реформаторлордон тартып, ортодоксторго чейинки коммунисттик маанайдагы партиялар түзөт". Ал эми үчүнчү топтогу партиялардын катарына автор, улуттук-патриоттук маанайдагы партияларды кошот. Б. Орунбеков тарабынан сунушталган партиялардын классификациясына толук кошулууга болот. Анткени 2010-жылга чейинки Кыргызстандагы партиялардын

программалары, койгон максат-милдеттерин талдап көрсөк, Б.Орунбеков тарабынан сунушталган классификация тарыхый чындыка туура келет.

Үчүнчү топтогу эмгектерге мамлекеттик жана коомдук ишмерлердин эмгектерин атоого болот. Алардын эмгектеринде эгемендүүлүктүн саясий тарыхы: президенттик башкаруунун киргизилиши, парламенттик шайлоолор, 2005-жылдагы Март окуясы туурасындагы интервьюлары, эскерүүлөрүн чагылдырылган. Алардын катарына акыркы жылдары жарык көргөн А. Акаев, М. Шеримкулов, А. Эркебаев, О. И. Ибраимов, Т. Тургуналиев, Б. Талгарбеков, А. Бекназаров ж.б. эмгектерин кошууга болот. Белгилүү саясатчы М. Шеримкуловдун биринчи эмгеги эгемендик мезгилдеги алгачкы парламенттик, биринчи президенттик шайлоолор, улуттук валютанын киргизилиши, жаны конституциянын, улуттук символдордун кабыл аланышы, улуттук валютанын киргизилишинин туурасында арналган. Президенттик шайлоонун парламент тарабынан өткөрүлүшүнө илимий талдоо берген автор: "маселе юридикалык-укуктук жана уюштурууучулук жактан начар даярдалган" деп эскерет. М. Шеримкуловдун аталган эмгектериндеги келтирилген фактылар статистикалык маалыматтарга таянуу аркылуу жазылса, жыйынтыктар окуянын күбөсү катары автордун жеке оюн билдирет.

Белгилүү окумуштуу, коомдук ишмер А. Эркебаев өлкөбүздүн саясат, экономика, социалдык жана руханий турмушу жөнүндөгү маектеринде, жыйындарда чыгып сүйлөгөн сөздөрүндө, инсандарга берген баалары, мүнөздөмөлөрү боюнча ойлорун 2 томдон турган эмгегинде сүрөттөгөн. Китепте орун алган "1990 год: Приход к власти А. Акаева" аттуу эмгегинде, А. Акаевдин кантип бийликке келиши туурасындагы маселени хронологиялык иретте сүрөттөп, "А. Акаевдин бийликке келиши - кокустуктун жыйынтыгы эмес, коомдук-саясий кырдаалдын жана жеке инсан катары терең шартталган мыйзам ченемдүүлүк катары сүрөттөгөн".

Белгилүү коомдук ишмер, саясатчы О. И. Ибраимовдун акыркы жарык көргөн эмгеги жалпы кыргыз мамалекетинин тарыхына арналгандыгына карабастан, автор 1990-2010-жылдардагы саясий жараяндарга түздөн-түз катышкан инсан катары өзүнүн көз карашын чагылдырып кеткен. 2005-жылдагы саясий окуяга финансалык жактан түрткү берген АКШ болгондугун белгилеп, анын кызыкчылыгы Борбордук Азиядагы өлкөлөрдүн ичинен президентин алмашкандыгы үлгү болсун деген максатты көздөшкөндүгүн белгилейт. Белгилей кетсек, А. Акаев да Март окуясын тышкы мамлекеттердин жардамы аркылуу ишке ашырылган деген пикирди колдогондордун бири болгон.

Жыйынтыктап айтсак, эгемендүүлүктүн саясий тарыхын изилдеген үч топтун өкүлдөрү өздөрүнүн алдына койгон максат, милдетерине жараша 1990-жылдардан бери республикадагы саясий өнүгүүнүн тарыхына баа берүү аракеттерин жасаган. Албетте, республикадагы жүргүзүлгөн реформалар, кабыл алынган Конституциялар, 2005-жылдагы Март окуясы боюнча туралуу көз караштар айтылып келүүдө, ошондуктан саясий тарыхка илимий баа берүү алдыдагы изилдөөнү талап кылуучу көрүнүш катары эсептейбиз.

Кыргызстандын эгемендүүлүк мезгилинин саясий тарыхын изилдөөдө биринчи топтогу окумуштуу-тарыхчылар Ү. Чотонов, Н. Эсенкулов, З. Галиева, А. Арзыматова, А. Б. Болпонова Ч. Койчуманова ж.б. изилдөөлөрү саясий жараяндардын жаралышына, себеп-натыйжаларына, жүрүшүнө, ар бир жараяндын өз ара байланышта болгондугун терең талдоого аракет жасашып, тийиштүү теориялык-методология принциптерге таянуу аркылуу илимий концепцияларды сунуштай алышкан. Сайсий тарыхтын өнүгүшүн бирдиктүү бир жараян, ич ара байланышы окуялардын тизмеги катары карашкан.

Изилдөөнүн экинчи тобундагы окумуштуулар Т. Ожукеева, А. Акунов, У. Чиналиев, Б. Орунбековдун, А. Князевдин, М. К. Укушев, Ж. А. Бокоевдин, З. Чотаевдин эмгектери болсо, саясий өнүгүүнүн жалпы маселесин изилдөөгө аракет жасагандыгы менен өзгөчө партиялык институттун тарыхын изилдөөгө басым жасашкан.

Үчүнчү топтогу изилдөөчүлөр катары каралган А. Акаев, М. Шеримкулов, А. Эркебаев, О. И. Ибраимов, Т. Тургуналиев, Б. Талгарбеков, А. Бекназаров ж.б. эмгектеринин башка изилдөөлөрдөн айырмасы, авторлордун баары диссертациялык эмгекте каралып жаткан саясий окуяларга түздөн-түз катышып, өздөрүнүн субьективдүү көз караштарын жазышкан. Авторлордун көз караштары айрым окуяларга баа берүүдө бири-биринен айырмаланат. Алсак, 2005-жылдагы Март окуясына баа берүүдө, эки президенттин башкаруу мезгилиндеги сайсий тарыхты талдоодо.

Демек, тарыхнаамалык талдоо көрсөткөндөй Кыргызстандын эгемендүүлүк доорунун саясий тарыхына тарыхый аспектен талдоо жүргүзүү, илимий баа берүү актуалдуу экендигин айгинелейт.

Экинчи бап **“Изилдөөнүн методологиясы, ыкмалары жана булактык базасы” -** деп аталып, илимий изилдөөнүн булактык базасы жана анын методдоруна талдоо берүү аракети жасалат. Кыргызстандын саясий өнүгүүсүнүн тарыхы боюнча булактар өзүнүн мазмуну, маалыматтуулугу, багыты боюнча бири-бири менен айырмалангандыктан, аларды бир канча топторго болуп каралат.

Биринчи топто “Ченемдик укуктук нормативдик документтер” талдоого алынып, алардын катарына Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Кыргыз Республикасынын Президентинин буйруктары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдору, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин сессияларында кабыл алынган мыйзамдары жана токтомдор ж.б. документтер каралган. Алсак, алардын катарына 1990-жылы 15-декабрда “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик эгемендүүлүгү жөнүндө декларация”, 1991-жылы 31-августа “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик көз карандысыздыгы жөнүндөгү декларация” ж.б. кирет. Маселен15 статьядан турган эгемендүүлүк жана 5 статьядан турган Кыргыз Республикасынын көз каранды эместиги туурасындагы “Декларацияларда” саясий бийликтин негизги өзөгү аныкталган.

Экинчи топто архивдик булактар кирет. Диссертациялык эмгекти жазууда Борбордук мамлекеттик архивден эгемендүүлүк доорунун саясий тарыхын чагылдырган тийиштүү документтерди колдонулган. Борбордук

мамлекеттик архивдин (Ф.1445,Оп.17) төмөнкү аталыштагы документтер сакталып турат: “Кыргыз ССР Жогорку Советинин 3-сессиясынын күн тартиби жөнүндө”; “Кыргыз ССРинин мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдарынын системасын кайра уюштуруу жана Кыргыз ССРинин Конституциясына /Негизги мыйзамына/ өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө мыйзамы”; “Кыргыз Республикасынын Президенттин шайлоо жөнүндө мыйзамдын долбоору”; “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик көз карандысыздыгы жөнүндө декларация” ж.б. маселелер камтылган. Ал эми 1993-жылдын 5-майындагы “Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо жөнүндө” ж.б. Маанилүү архивдик документтердин катарына (Ф.1445,оп 17) “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик суверендүүлүгү жөнүндө декларация”; “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик көз карандысыздыгы жөнүндө декларацияларды” атоого болот. Аталган архивдик булактар, өлкөнүн саясий өнүгүүсүнө талдоо жасогоо мүмкүндүк жарататат.

Үчүнчү топтогу тарыхый булактардын катарына мезгилдүү басма сөз каражаттарын атоого болот. Эгемендүү Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүү жараянын чагылдырган мамлекеттик басма сөз каражаттарына “Кыргыз Туусу”, “Слова Кыргызстан”, “Эркин-Тоо” газеталарына жарыяланган. Газеталарда Кыргыз Республикасынын бийлик бутактары тарабынан кабыл алынган токтомдор, буйруктар, мыйзамдар жарыяланган. Албетте, бийликтен каржыланган газеталар бийликтин жүргүзүп жаткан саясатын тастыктоо, үгүттөө менен сын көз караштагы маалыматтарды жарыялаган эмес.

Бирок 2005-жылдын 24-Март революциясынан кийин, А. Акаевдин өлкөдөн чыгып кеткенден кийин “Кыргыз Туусу” гезитинин беттеринен Кыргызстандын саясий жараяндарына байланышкан билдирүүлөрдү, макалаларды кезиктирүүгө болот. Маселен,  АКШнын Кыргызстандагы элчиси Стивен Янгдын “АКШ А. Акаевге кепил боло албайт” – аттуу маеги жарыяланган. Мезгилдүү басма сөз органдарынын ичинен “Агым”, “Республика”, “МСН”, “Асаба” сыяктуу оппозициялык газеталар Кыргызстандагы саясий жараяндарга карата көптөгөн макалалар, билдирүүлөр жарыяланып турган. Алардын авторлору оппозициялык маанайдагы коомдук ишмерлер, депутаттар ж.б. инсандар болушкан. Газета беттериндеги материалдар 1991-2010-жылдардагы Президенттик шайлоо, конституцияны кабыл алуу, парламенттик шайлоо, Март окуясына байланышкан кызыктуу материалдар жарыяланган.

Төртүнчү топко интернет ресурстарын кошууга болот. Кийинки топтогу тарыхый булактар - интернет булактары. Интернет булактарда кыска, ар бир окуянын жүрүшү, өрчүшү боюнча хронологиялык иреттеги материалдар жарыяланып турган. Маселен, 2005-жылдагы Март революциясы туурасында хронологиялык түрдө окуяны сүрөттөп гана койбостон,  фото-интернет түрүндөгү материалдар, видео тартуулар жайгаштырылган.

Бешинчи топтогу тарыхый булактардын катарына Статистикалык булактарды кошууга болот. Кыргыз Республикасынын улуттук Статистикалык

комитети тарабынан калктын социалдык абалын, демографиялык кырдаалды, ИДП көрсөткүчтөрүн, киреше булактарын ж.б. көрсөткүчтөрдү чагылдырган маалыматтар топтому, статистикалык комитет тарабынан даярдалып өз алдынча жыйнак катары чыгарылып турат. Алардын катарына төмөнкү аталыштагы басылган тарыхый-булактык маанидеги жыйнактарды кошууга болот: «Кыргызстан в цифрах», «Социально-экономическое положение Кыргызской Республики», «Статистический ежегодник Кыргызской Республики 2005-2009», «Социальные тенденции Кыргызской Республики», «Демографический ежегодник Кыргызской Республики 2005-2009», «Уровень жизни населения Кыргызской Республики 2005-2009», «Занятость и безработица» жана башкалар.

Алтынчы топтогу булактарга сурамжылоо ыкмасы менен топтолгон материалдарды кошсок болот. Диссертант тарабынан Эгемендүүлүк доордун саясий өнүгүүсүнө түздөн-түз катыштыгы бар белгилүү саясий инсандар, окумуштуулар менен сурамжылоо жүргүзүлүп, Кыргызстандагы партиялардын түзүлүш тарыхы, 2005-жылдагы элдик революциянын мүнөзү, келип чыгышы туурасында маалыматтарды алууга жетиштик. Сурамжылоодо изилдөөчү тарабынан тийиштүү суроолор түзүлүп, ал суроолорго жооп алуу аракети көрүлдү. Сурамжылоо  белгилүү инсандар М. Шеримкулов, А. Эркебаев, Б. Талгарбеков, Б. Орунбеков сыяктуу инсандар менен жүргүзүлдү. Бегилей кетсек, жолугуп сурамжылоо мезгилинде М. Шеримкулов, А. Эркебаевдер эгемендик доордун саясий тарыхына байланышкан маалыматтар, алардын газета-журналдарга жарыялаган интервьюлары аталган инсандар тарабынан өз алдынча эмгек катары жарыялангандыктан, алардын эмгектерине диссертациялык эмгектин тарыхнаамалык бөлүгүндө талдоо берүү аракети жасалды. Белгилүү журналист Б. Орунбеков менен болгон инвервьюда 90-жылдардагы Кыргызстандагы түзүлгөн саясий уюмдар, коомдук-саясий уюмдардын түзүлүшү боюнча берген маалыматы кызыгууну жарататат. Ал эми Б. Талгарбеков  өзүнүн берген интервьюсунда болсо 1990-жылдардагы жаштар кыймылына токтолуп “Асаба” партиясынын түзгөндөрдүн башында тургандыгын белгилеп, билимдүү инсан катары А.Ормушевди жетекчиликке сунуштагандыгын эскерип өттү. Белгилей кетсек, диссертант тарабынан түзүлүп жүргүзүлгөн сурамжылоонун тексти тиркеме катары берилди. Демек, изилдөөнүн булактык базасы кеңири, ар булак өзүнүн маалыматтуулугу, мазмуну, көлөмү боюнча айырмаланат, жалпысынан эгемендик доордогу саясий тарыхты  жетиштүү сүрөттөй алат.

**Изилдөөнүн объектиси:** Эгемендүүлүк мезгилдин саясий өнүгүүсү

**Изилдөөнүн предмети:** 1991-2010жж. Кыргызстандагы саясий процесстер.

1991-2010жж. Эгемендүү Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүүсүнүн тармактары болгон Президенттик башкаруу тутумун киргизилиши, Элдик референдумдардын өткөрүлүшү, көп партиялуу тутумун жаралышы, мамлекеттик саясий кризистин жетилиши, 2005-жылдын Март революциясы каралат.

Диссертациялык изилдөөнүн методологиялык негизин жалпы илимий жана атайын тарыхый изилдөө методдорунун комплекси түзөт. Илимий эмгекти жазууда тарых илиминде белгилүү болгон негизги үч методко: тарыхыйлуулук принциби (принцип историзма); обьективдүүлүк жана себептүүлүк ( принцип причинность) принциптерине таянуу менен алдыга коюлган милдеттерди аткарууга аракет жасалды. Белгилүү болгондой, тарыхыйлуулук принциби – коомдогу кубулуштарды өнүгүү катары кароо менен алардын тарыхын изилдөө, предметтердин, кубулуштардын, жаралышынын конкреттүү тарыхый жагын кароо, ар бир окуянын, кубулуштун өз ара биримдигин, байланышын изилдөө талап кылынат. Мисалы, 2005-жылдагы Март окуясынын жаралышын изилдөөдө, тарыхыйлуулук принцип колдонулду.

Илимий изилдөөдө тарыхыйлуулук принципти колдонууда тарыхты конкреттүү жараян катары кароо менен анын маани-маңызы жана убактысы боюнча өзгөрүүгө дуушар болоору белгиленди. Алсак, 2005-жылдагы Март революциясынын келип чыгышын, жүрүшүн, анын натыйжаларын изилдеген, окумуштуулардын көз караштардын өзгөрүүсүнө көңүл бурулду.

Тарыхый-илимий изилдөөнүн негизги принциптеринин бири - обьективдүүлүк болуп саналат. Ар бир изилдөөчү чыныгы тарыхый фактынын негизинде тандап алган обьекти анын предмети боюнча обьективдүү көрүнүштү чагылдырууга, изилдөөгө милдеттүү. Тарыхый жараянды таанып-билүүдө обьективдүүлүккө жетүү үчүн, бир катар факторлор талап кылынат: а) Изилдөөчүгө байланышпаган тарыхый булактардын болушу. б) Изилдөөчү жана коомчулук тарабынан тарыхый факт туурасында чыныгы маалыматты алууга кызыктар болушу. Аталган фактор диссертациялык изилдөөбүзгө тиешелүү көрүнүш. Кыргызстандын 1991-2010-жылдардагы саясий өнүгүүсүнүн тарыхы боюнча чыныгы тарыхый далилдерди, фактыларды алуу изилдөөчү үчүн гана эмес, жалпы эле коомчулук үчүн да кызыгууну жаратат. Обьективдүүлүк принцибинин негизги компененттеринин бири тарыхый фактыларды бурмалабай, күн мурундан даярдалган схемаларга жакындатпай, фактынын маани-маңызына таянуу аркылуу чындыкты сүрөттөө.

Тарых илиминдеги принциптердин бири - себептүүлүк. И. Д. Парфенов белгилегендей детерминизм принциби изилдөөчүгө тарыхый кубулуштардын жана жараяндардын себептери, шарттары, байланышына көңүл бурууга талап кылат. Чындыгында тарыхтагы ар бир жаралган окуя, өз ара аракетте болот. Ал эми тарыхчы болсо, ар бир саясий окуянын себеп натыйжаларын ачып берүүгө, тигил же бул тарыхый кубулуштун факторлорун түшүндүрүү зарыл.

Илимий изилдөөдөгү маанилүү жагдайлардын бири - колдонулган методдор болуп саналат. Эгемендүү Кыргызстандын 1991-2010-жылдардагы саясий өнүгүүсүнүн изилдөөдө, биз тарабынан тарыхый-салыштырмалуулук, тарыхый-генетикалык, тарыхый-типологиялык методдорду колдонуу зарылдыгы жаралды. Белгилүү методолог И. Д. Ковальченконун пикиринде: “илимий метод - бул теориялык жактан далилденген нормативдик таанып

билүүчү каражат". Метод бул милдеттерди чечүү үчүн инструменттердин жана талаптардын жыйындысы болуп саналат.

Тарыхый-генетикалык метод тарыхыйлуулук принциптин бир бөлүгү катары – жаралуу, түптөлүү, калыптануу, өнүгүү сыяктуу кубулуштарга баа берүүгө мүмкүндүк жаратат. Тарыхый-генетикалык методдун негизинде окуянын негизги себеп натыйжалуулук байланышын тактоого, доорлордун шарттуу өзгөчөлүктөрү, социалдык катмарлардын өзгөчөлүктөрү, менталитетти, тарыхый жараянга катышкан инсандын жекече мүнөздүү белгилерин тактоого жардам берет. Алсак, Кыргызстандагы көп партиялуулук тутумун жаралыш генезисин изилдеп жатып тарыхый-генетикалык методду колдонуу аркылуу гана маселени изилдөө мүмкүн экендигин белгилеп кетмекчибиз.

Изилдөөнүн методологиялык негизи катары булактык тарыхый маалыматтарга талдоо жүргүүзүдө талдоо жана тарыхый салыштырма ыкмасын колдонууга аракет жасалды. Ар кайсыл архивдерден табылган тарыхый документтердеги окуяларды, илимий эмгектердеги маалыматтарды, Сурамжылоодон жыйналган билдирүүлөр менен салыштырылып изилденди. Бул ыкма тигил же бул саясий окуяны тактоого, илимий талдоо жүргүзүүгө жардам берди.

Үчүнчү бап, **"Өлкөнүн саясий турмушунун реформалоонун өбөлгөлөрү"** деп аталып 1990-жылдардын башындагы коомдук-саясий кырдаал, президенттик башкаруунун киргизилиши, көп партиялуулуктун калыптанышы жана өнүгүүсү туурасындагы маселелер чагылдырылат.

Кыргызстанда Борбордук Азия өлкөлөрүнүн ичинде эң биринчилерден болуп демократиялык институттар жана башкаруучу коммунисттик партияга оппозициялык мүнөздөгү "бейформал" коомдук кыймылдар (клубдар, кружоктор, коомдук өзүн-өзү башкаруу комитеттери ж.б.) калыптана баштаган. Алсак, 1987-жылы борбор калаада орус тилдүү жаштар тарабынан түзүлгөн "Современник" ("Замандаш") жана "Демос" ("Эл") клубдары болгон. 1989-жылды массалык демократиялык кыймылдардын өнүгүүсүндөгү бурулуш жыл катары кароого болот. Бул мезгилде, элдин, өзгөчө жаштардын саясий активдүүлүгү кескин жогорулаган. Демократиялык кыймылдар уюшкан мүнөзгө өтө баштаган. Эгерде буга чейин мындай кыймылдар жана уюмдар республиканын ичиндеги шаарлардын чегинде гана түзүлүп, иш алып барышса, эми Кыргызстандан сырткаркы аймактарда да түзүлө баштаган. 1990-жылды республикадагы демократиялык кыймылдардын өнүгүүсүндөгү жаңы этап катары баалоого болот. Бул жылы жаштар кыймылынын демократиялык күрөшүнүн жаңы формасы – массалык митингдер уюшула баштаган.

Массалык митингдердин натыйжасы - улуттук-демократиялык маанайдагы "Асаба" жана "Атуулдук демилге" сыяктуу саясий кыймылдардын түзүлүшүнө алып келген. Мындан сырткары саясий мүнөздөгү бир катар союздар, улуттук уюмдар, саясий партиялар түзүлгөн. 1990-жылы "Кыргызстан" демократиялык кыймылы түзүлгөн. Демократиялык күчтөр

республиканын саясий системасын реформалоону, президенттик башкарууну киргизүүнү, бийликтин бутактарын бөлүштүрүүнү талап кыла баштаашкан.

Кыргызстандын эгемендүүлүгүн алуу маселеси демократиялык маанайдагы депутаттар тарабынан 1990-жылдын жаз айларынан баштап эле көтөрүлө баштаган. Жогорку Кеңештин радикалдык маанайдагы 114 депутаты 1990-жылы 18-сентябрында "Советская Киргизия" газетасына өздөрүнүн кайрылуусун жарыялашкан. Анда республикада түзүлгөн кырдаалга сынчыл талдоо берилип, андан чыгуунун төмөнкү комплекстүү радикалдык саясий чаралары сунушталган: президенттик институтту киргизүү; Президентке жана Жогорку Кеңештин төрагасына жалпы элдик тике шайлоолорду өткөрүү; атуулдук тынчтыкка жана ынтымакка жетишүү; менчиктин көп түрдүү формаларын жана тең укуктуулугун орнотуу ж.б.. Бул депутаттык демократиялык күчтөрдүн өлкөнүн саясий системасын реформалоо багытындагы аракеттери кийинки күндөрү уланып, ушул эле жылдын 22-30-октябрында өткөн Жогорку Кеңештин кезексиз чакырылган экинчи сессиясында Кыргызстанда Президенттик институтту киргизүү маселесин атайы кароого жетишишкен. Сессияда демократиялык маанайдагы депутаттар аталган маселе боюнча партиялык–номенклатуралык консерватордук топтун каршылыгын жеңип чыгышкан жана 24-октябрда сессия "Кыргыз ССРинде Президенттик кызмат орунду киргизүү жана Кыргыз ССРинин Конституциясына (Баш мыйзамына) өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү" мыйзамды кабыл алган. Мыйзамга ылайык сессия Кыргызстандын туңгуч Президентин шайлаган.

Республикада эски саясий системаны өзгөртүүгө чечкиндүү кадам башталган. 1990-жылдын 15-декабрында Жогорку Кеңештин III сессиясы Кыргызстан элинин тарыхындагы маанилүү тарыхый документ - Кыргыз Республикасынын мамлекеттик суверенитети жөнүндөгү декларацияны кабыл алган. Саясий системаны өзгөртүүгө багыт алган мыйзамдар кабыл алынган. Декларация – Советтер Союзунун чегинде өзүнүн жаңы тартиптерине жана милдеттеринее ээ жаңы улуттук мамлекетти куруунун негизги принциптерин жана мыйзамдарын расмий жарыялаган республикабыздын эң алгачкы мыйзамдык документи болуп калган жана Кыргызстандын толук көз карандысыздыгын алуусуна укуктук өбөлгө жараткан. Борбор бийликти сактап калууга аракет кылса, республикалардын өз алдынчалыкка, көз карандысыздыгын алууга умтулуусу күч алган. 1991-жылдын 19-21- августунда Москвада ийгиликке ашпаган аскердик төңкөрүш жасоо аракеттери, союздун кулашын тездеткен катализатор болуп калды. Ушундай кырдаалда 1991-жылдын 31-августунда Жогорку Кеңештин кезексиз чакырылган VI сессиясы "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик көз карандсыздыгы жөнүндө" декларацияны кабыл алды. Ошентип, Кыргыз Республикасынын жана анын элинин тагдырындагы жаңы тарыхый доор – чыныгы эгемендүүлүк доору башталган.

Кыргызстан президентин биринчи жалпы элдик шайлоосу 1991-жылдын 12-октябрында өткөрүлгөн. Президенттикке Жогорку Кеңеш тарабынан жалгыз

А. Акаевдин талапкерлиги көрсөтүлүп, башка талапкер болгон эмес. Шайлоодо 95,3% кыргызстандыктар (1млн 968миң 781 адам), президентке өздөрүнүн аң-сезимдүү саясий колдоосун көрсөтүшкөн.

Республиканын Баш мыйзамы кабыл алынганга чейин, "Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети жөнүндөгү" мыйзамга ылайык Президент өкмөт башчысы менен мамлекет башчысынын ыйгарым укуктарын бириктирген республикадагы жогорку кызмат адамы болуп эсептелинген. 1995-жылдын 5-майында Жогорку Кеңештин 12-сессиясында кабыл алынган Эгемендүү Кыргызстандын биринчи Конституциясы Жогорку Кеңештин жана анын төрагасынын ыйгарым укуктарын Президенттин ыйгарым укуктары менен дээрлик теңдештирген. Кыргызстандын биринчи Конституциясы республиканын авторитардык режимден демократиялык режимге өтүүсүн юридикалык жактан бекиткен. Бул Негизги мыйзамга ылайык Президент кеңири укуктарга ээ болгон, ошол эле учурда күчтүү парламент түзүлгөн. Бирок, көп өтпөй президент менен парламенттин ортосунда саясий тирешүү башталган. Өлкөдө саясий туюк кырдаал түзүлгөн. Президент мындай абалдан чыгуу жана өзүнүн бийлигинин мыйзамдуулугун далилдөө үчүн жалпы элдик Референдум өткөрүү демилгесин көтөргөн. Референдум 1994-жылы 30-январында өткөн. Референдумга президенттин мыйзамдуулугун ырастоо жөнүндөгү бир гана маселе коюлган. Референдумдун жыйынтыгында шайлоочулардын 97%ы президенттин бийлигинин мыйзамдуулугун ырасташкан.

Бирок, президент менен парламенттин, өкмөт менен парламенттин ортосундагы каршылашуу муну менен токтогон эмес. Мамлекеттик бийлик кризисинен чыгуу үчүн президент ырааттуу эки кадамга барган:

1. Жогорку Кеңештин ишмердүүлүгүн мөөнөтүнөн мурда токтотуу, б.а. аны таркатуу;

2. Референдум аркылуу Жогорку Кеңештин структурасын реформалоо, б.а. эки палаталуу перламентти түзүү. Аларды ишке ашыруу үчүн президент 1994 - жылдын 5-сентябрында "Кыргыз Республикасында саясий стабилдүүлүктү камсыз кылуу жана социалдык-экономикалык мүнөздөгү кечиктирилгис иш чаралар жөнүндө" жарлык чыгарган. Анын негизинде "легендарлуу парламент" таркатылып, жаңы эки палаталуу парламент шайланган (1995-жылы 5-февраль), президенттин ыйгарым укуктарын күчөткөн референдум өткөн жана өкмөт отставкага жөнөтүлгөн.

Ошентип, президент мыйзам бузуу жолу менен өз бийлигин бекемдөөгө багыт алган. Чындыгында Кыргыз Республикасынын 1993-жылдагы Конституциясында президенттин өзүнө парламентти таркатууга укук берген норма болбогон, ал жерде референдум жөнүндө да айтылган эмес. Айрым изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча, парламенттин экиге бөлүнүшү "чөнтөк" парламентти түзүү жана жеке адамдын бийлигин орнотуу жолундагы инструмент болгон. 1995-жылы 24-декабрда мөөнөтүнөн бир жыл мурда президенттик шайлоо өткөн. Шайлоонун жыйынтыгында А. Акаев – 71,65% добуш менен жеңген. А. Акаевдин экинчи президенттик мөөнөткө мандат

алышы менен республиканын саясий өнүгүүсүндө олуттуу өзгөрүүлөр башталган. Анын башкысы – бир жагынан президенттик бийликтин ыйгарым укуктарын кеңейтүү, күчтөндүрүү болсо, экинчи жагынан алсыз жана тил алчаак парламентке ээ болуу болгон. Бул максатын А. Акаев Референдум аркылуу ишке ашырган.

Президенттик бийликти күчөтүү тенденциясы башталган. Бул тенденция Кыргызстанда Конституцияга кийинки оңдоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүүдө (1998-жыл октябрь, 2001-жыл декабрь, 2003-жыл февраль, 2006-жыл декабрь, 2007-жыл октябрь) уланган. Натыйжада, алар, республикада авторитардык бийликтин орношуна алып келген. Бул көрүнүштөр, бир жагынан кландык, үй-бүлөлүк бийликтин орношу менен коштолсо, экинчи жагынан социалдык-экономикалык реформалардын терс натыйжалары калктын социалдык абалынын начарлашына, элдин бийликке болгон ишениминин жогорулушуна, социалдык чыңалуунун курчушуна алып келди. Булардын баары 2005- жылдагы Март окуясына өбөлгө жаратты.

Кыргызстандын демократиялык багытта өнүгүүсүнүн пайдубалын негиздеген саясий күч саясий партиялар болушкан. Кыргызстандын коомдук-саясий турмушунда демократиялык жараяндардын, саясий плюрализмдин жайылышы менен, республиканын тарыхында укуктук жактан мыйзамдаштырылган көп партиялуулук системага жол ачылган. Эгемендүү Кыргызстандын 1993-жылдын 5-майында кабыл алынган биринчи Конституциясынын (Баш мыйзамынын) 8-беренесинде көп партиялуулук принциби бекитилген. Анын өнүгүү жолунда бир катар тоскоолдуктар жана карама-каршылыктар жаралган. Алардын олуттуулары: коомдук аң-сезимдин жана саясий маданияттын жетиштүү деңгээлде болбогондугу, коомдук өнүгүүнүн максаттары жана идеалдар боюнча коомчулукта саясий консенсустун жоктугу, калктын саясий жана социалдык активдүүлүгүнүн төмөндүгү, партиялык курулушта практикалык тажрыйбанын жоктугу.

Аталган тоскоолдуктарга карабастан, Кыргызстан 1991-жылдан баштап, көп партиялуулук системага кадам таштаган. Бир катар саясий партиялар түзүлө баштаган. Саясий партиялардын түзүлүшү бир жагынан, Кыргызстан коомундагы саясий активдүүлүктүн жогорулагандыгынан кабар берсе, экинчи жагынан, саясий плюрализмдин маанилүү көрсөткүчү болгон. Партиялар биринчи жолу шайлоого 1995-жылы катышышкан. Бул парламенттик шайлоо партиялардын саясий ишмердигин активдештиргендигине карабастан, шайлоонун жыйынтыгы алардын таасири коомдо, шайлоочулар арасында начар экендигин көрсөткөн. Партиялар 105 депутаттык корпустун 12 мандатын гана алышкан. Кыргызстандын партиялык системасынын калыптанышына мүнөздүү көрүнүш партиялардын санынын өсүшү алардын сапатына эч кандай таасир эткен эмес.

Саясий партиялар үчүн 2000-жылдагы парламенттик шайлоо чоң сыноо болгон. 2000-жылдагы парламенттик шайлоонун жыйынтыгын талдоо партиялардын эл массасынан өтө эле алыс экендигин, алыскы айыл кыштактарда партиялык бөлүмдөр жок болгондуктан, партиялар, партиялардын

ишмердиги жөнүндө жер-жерлерде эч кандай маалымат жок экендигин ачыктады. Көп партияларды алардын лидерлери аркылуу гана билишкен жана лидерлерине карата партияларга баа берилген. Ошого карабастан Кыргызстанда партияларды түзүү жараяны улана берген. Бирок, жаңы партиялардын түзүлүшү, өлкөдөгү демократиялашуу жараянынын тереңдешин чагылдырган эмес. Акыркы он жылдыкта бийликте тургандар жана алардын жакындары өз партияларын түзүп, бардык мамлекеттик ресурстарды колдонуп, парламенттик корпуска өткөрүп, алар аркылуу бийлик рычагдарын колго алуу аракеттери болуп жаткандыгын белгилөөгө болот. 2005-жылы парламенттик шайлоого катышкан А. Акаевдин үй-бүлөлүк "Алга Кыргызстан" партиясы, 2007-жылы парламенттик шайлоого катышып, одоно мыйзам бузуу жолдору менен 71 депутаттык орунга ээ болгон К.Бакиевдик "Ак жол" партиялары мунун ачык күбөсү. 2007-жылы 16-декабрда өткөн парламенттик шайлоо биринчи жолу толук партиялык тизменин негизинде өткөн. Шайлоо системасы мажоритардык системага салыштырмалуу демократиялык мүнөздө деп эсептелгенине карабастан, бул шайлоо өтө чоң мыйзам бузуулар менен өткөрүлгөн.

Партиялардын саясий активдешүүсүнө олуттуу өбөлгө жараткан окуя 2010-жылы октябрь айында партиялык тизме менен өткөн 120 депутаттык азыркы күндө иштеп жаткан парламентке шайлоо болгон. Партиялардын активдүүлүгүн жогорулаткан дагы бир фактор 2010-жылы 27-июнунда Референдум жолу менен кабыл алынган Конституцияга ылайык Кыргызстанда парламенттик башкаруу системасынын киргизилиши, өкмөттүн көпчүлүк добуш алган партия же партиялардын коалициясы аркылуу түзүлүү нормаларын айтса болот.

Төртүнчү бап **"Мамлекеттик башкаруунун начарлашы**" деп аталып, өлкөнүн коомдук-саясий турмушундагы нааразычылыктын күч алышы, 2005-жылдагы Март революциясы, бийлик жана саясий оппозиция маселелерине талдоо жүргүзүлөт.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарынан башталган саясий, социалдык-экономикалык чөйрөдөгү реформалар күткөн натыйжаны бербегендиги 1990-жылдардын экинчи жарымынан баштап байкала баштаган. Мамлекеттик башкаруу чөйрөсүн реформалоонун натыйжасында калыптанган саясий система коомдо жаралган көйгөйлөрдү чечүүгө жөндөмсүздүгүн көрсөткөн, тескерисинче аларды тереңдетип, эл массасынын нааразычылыгын күчөткөн, б.а. 1990-жылдары түзүлгөн саясий система, эффективдүү мамлекеттик башкаруу институттарын калыптандыра албады. Аларды мезгил-мезгили менен модификациялоо жана өзгөртүү акаевдик режимди сактап калуу үчүн жүргүзүлгөндүгүн реалдуулук көрсөткөн .

Өлкөнүн саясий системасын реформалоодогу анын негизги элементтеринен болгон президенттик институтту бийликтин күчтүү борборуна айландыруу тенденциясы өлкөнүн саясий өнүгүүсүнүн багытын аныктаган жана бийлик кризисине өбөлгө жараткан. Адилеттүүлүк үчүн белгилөөчү жагдай, 1990-жылдардын ортосуна чейин жүргүзүлгөн демократиялык реформалар батыш прессасында Кыргызстанды Борбор Азиядагы «демократия

аралчасы» деп атоого негиз болгон. Бирок, демократиялаштыруу жараянынын андан ары өнүгүшү тескери багытта, авторитаризмди орнотуу багытында жүрө баштаган.

1994, 1996, 1998, 2003 - жылдардагы президент А. Акаевдин “каалоосу” жана демилгеси менен жүргүзүлгөн Конституциялык реформалар авторитардык бийликтин калыптанышына, акырындап барып, үй-бүлөлүк, кландык башкаруунун орношуна алып келген. Президенттик, парламенттик шайлоолордо мыйзам бузуучулук күч алган. Бийликти мурастык мүнөзгө айландыруу аракеттери көрүлө баштаган. Коррупция жөргөмүштүн желесиндей бийлик структурасынын бардык тармагын камтыган. Кадр саясатындагы негизги критерий акча жана тууганчылык факторлору болуп калган. А. Болпонава белгилегендей А. Акаевдин доорунда түндүктөгү -сарыбагыш, кушчу, тынай, саяк, бугу, саруу уруусунун өкүлдөрү жогорку кызматты ээлеп турушкан. Алардын катарына М. Аширкулов, И. Бекболотов, Ч. Абышкаев, К. Кожоналиев, Ф. Кулов кошууга болот. Ал эми Президентке таасирдүү фигуранын башында таластык кушчу уруусунан Майрам Акаева болсо, анын айланасында таасирдүү ролду Тойчубек Касымов, Кемельбек Нанаев, Дастан Сарыгулов, Аскар Сарыгулов, Аманбек Карыпкулов ж.б. болгон.

Өлкөнүн экономикасынын, элдин социалдык абалынын кескин начарлашы байкалган. Шашылыш, ойлонулбай жүргүзүлгөн экономикалык реформалар өлкөнүн экономикасын бүлүндүргөн. 1990-1996-жж. Кыргызстандын экономикасы 2 эсеге төмөндөгөн. Ички, тышкы миграция күчөгөн. Менчиктештирүү саясатынын натыйжасында калктын аз гана тобу байып, көпчүлүгү жакырланууга дуушар болгон.

Реформаларды ишке ашырууда байлыгын сактап калуу, баюу жогорку мамлекеттик чиновниктердин чөйрөсүнө кирген шартта гана мүмкүн болгон кырдаал түзүлгөн. Бийлик түзүмдөрү менен криминалдын биригип кетүү (сращивание) жараяны башталган. 2005-жылда жүргүзүлгөн социологиялык сурамжылоодо респонденттердин 35,9%ы паракордук бийликтин бардык органдарын камтыгандыгын билдиришкен. Расмий маалыматтар боюнча калктын жашоо деңгээли өтө төмөндөгөн. 2002-жылы калктын 52,3%ы жарды, 17,8%ы өтө жарды катмарга кирген. Эгерде 1997-жылы калктын 51%ы жардылыктын чегинде жашаса, 2006-жылы ал көрсөткүч 70%ды түзгөн.

Өлкөдөгү салыштырмалуу саясий стабилдүүлүктүн бузулушуна, акаевдик режимдин чыныгы жүзүн ачып, саясий системанын кризисинин тереңдешине алып келген дагы бир олуттуу фактор – Аксы трагедиясы болгон. 2002-жылдагы саясий кризис өлкөдө калыптанган саясий системанын алсыздыгын, трансформациялык процесстердин карама-каршылыктуулугун ачык көрсөткөн. 2005-жылдын 24-мартындагы окуяга февраль-март айларында бийлик тарабынан одоно мыйзам бузуулар менен өткөрүлгөн Кыргыз Республикасынын бир палаталуу Жогорку Кеңешине болгон шайлоолордун жүрүшү, элдик толкундоолордун келип чыгышына түрткү болгон. Президенттин уулу жана кызынын депутат болуп шайланышы, революциянын “денатору” катары кызмат кылса, революциянын жаралышынын тарыхый

өбөлгөлөрү 2002-жылдагы Аксы окуясынан бери келе жаткан, өлкөдөгү кырдаал башкы себеп болгон.

А. Акаевдик бийликти кулаткан элдик толкундоолордун чыгышына алып келген негизги себептердин катарына: бийликтин элден ажырымы; элдин жакырданышы; паракордуктун болуп көрбөгөндөй өсүшү; өлкөнү үй-бүлөлүк башкаруу; Кыргызстандын саясий элитасынын жиктешүүсү; терең руханий жана нравалык кризис ж.б. кошууга болот**.** Март элдик кыймылы кыска мөөнөттүн ичинде республиканын бүт аймагын кучагына алып, 24-мартта Ак үйдү алуу жана А. Акаевдин жана анын үй-бүлөсүнүн өз өлкөсүн таштап, жашыруун качып кетүүсү менен бүткөн.

Революция аймактардан башталып, массанын активдүү колдоосуна ээ болуп, элдик толкундоолор тез эле республиканын башка аймактарына да жайылган. Тынчтык мүнөздө башталган элдик митингдер март айынан баштап түштүк аймактарда радикалдуу (обл, райадминистрацияларды басып алуу, элдик бийликти жарыялоо, элдик губернаторлорду, акимдерди шайлоо) мүнөзгө айланган. Т.Турганаливдин эскерүүсүнө таянсак: "...элибиздин бери дегенде 95%, ары дегенде 99% нааразы болуп ачык чыккан..." Натыйжада, март айынын ортосуна карата өлкөдө кандайдыр бир деңгээлде "кош бийлик орногон. Демек, 2005-жылдын Март окуясын эл массасынын активдүү колдоосуна ээ болуп, кыймылдаткыч күчү карапайым элеттик эл болгон -элдик революция катары мүнөздөөгө болот.

Күтүүсүз бийлик алмашуудан кийинки парламенттин жана К. Бакиев башында турган Убактылуу өкмөттүн алдында турган эң башкы маселе өлкөдө саясий туруктуулукту сактоо, саясий кризистин андан ары тереңдешине жол бербөө, өлкөнү укук талаасына кайтаруу болгон.

Күчтүү саясий силкинүүгө дуушар болгон өлкө алдында дагы бир олуттуу маселе Конституциялык реформаны ишке ашыруу милдети турган. Бул максатта Жогорку Кеңештин токтому менен Конституциялык кеңешме түзүлгөн. Конституциялык кеңешменин төрагасы Ө. Текебаев болгон. Бул багытта иш башталгандай көрүнгөнү менен, кийинки окуялар көрсөткөндөй, бул маселе президент менен парламенттин ортосундагы узакка созулган карама-каршылыктардын түйүнүнө айланган. Президенттик шайлоо мөөнөтүнөн мурда 10-июлда өтүп, К. Бакиев 88,71% менен президенттикке шайланган. А. Акаевдик режимден тажаган эл К. Бакиевге чоң ишеним артып турушкан.

Бирок, элдин ишенимин "жаңы" бийлик актабаган. А. Акаевдик бийликти алмаштырган бийликти шарттуу түрдө гана "жаңы" деп атоого болоор эле. Анткени, мамлекеттик чоң кызматтарды ээлеп, жаңы президенттик айланасына топтолгон адамдардын бир тобу, экс-президенттин жакын айланасында жүргөн, тигил же бул мезгилде жогорку мамлекеттик кызматтарды ээлеген, анан, кандайдыр бир себептер менен экс-президент тарабынан кызматынан четтетилген, б.а. мурдагы бийликке "таарынычы" бар адамдар болушкан. Ал эми, жаңы президенттин айланасындагылардын башка саясий жактан активдүүрөөк бөлүгүн мурдагы парламенттин оппозициялык депутаттары

түзгөн. Үчүнчү, саны жактан көбүрөөк бөлүгүн, акаевдик режимдин баш кийимин жаңы бийликтин баш кийимине алмаштырышкан жана жеке өздөрүнүн кызыкчылыгын гана ойлогон мамлекеттик чиновниктер түзүшкөн. Президент К. Бакиев өзүнүн либералдуулугун жана демократтуулугун көрсөтүү үчүн жогорку аталган үч агымдын өкүлдөрүнөн өзүнө команда түзүүгө аракеттенген. Бирок ал, алардан күчтүү, бирдиктүү команда түзө албаган.

Жаңы бийликке Ө. Текебаев башында турган парламенттик оппозиция пайда болуп, оппозиционерлердин көпчүлүгү түндүктүк депутаттар болушкан. Кадр саясатындагы туруксуздук, паракордуктун күч алышы, мамлекеттик чиновниктердин криминал дүйнөсү менен байланышы, кыска аралыкта бир нече депутаттардын өлтүрүлүшү (буйрутма?) өлкөдөгү саясий абалды кескин начарлатып жиберген. Булардын баарында оппозиция президент К. Бакиевди, премьер-министр Ф. Куловду жана анын өкмөтүн күнөөлөшкөн.

2006-жылдын жазында "Реформа үчүн" кыймылы жаралган. Оппозициялык маанайдагы депутаттар аталган кыймылдын мүчөлөрү жана лидерлери болуп калышкан. Алардын башкы талабы Конституциялык реформа болгон. Оппозиция апрель, кийин ноябрь айларында борбордук аянтта миңдеген адамдар катышкан митинг уюштурушкан. Оппозиция менен бийликтин каршы туруусунун эң жогорку кульминациялык чеги 2006-жылдын 2-8-ноябрь күндөрү болгон. Алардын негизги талабы Конституциялык реформа болгон. Саясий тирешүү 9-ноябрда Конституциянын Жаңы редакциясын шашылыш кабыл алуу менен токтогон.

Бирок, ноябрь Конституциясы (Жаңы редакция) реалдуу өзүнүн мыйзамдуу күчүнө кирбей туруп, 2 айдан кийин, дагы башка Конституция менен алмашылган. 2006-жылдын 30-декабрында Кыргыз парламенти Констиуциянын дагы бир Жаңы редакциясын кабыл алган. Парламентарийлер ноябрь Конституциясын коргоп кала алышпаган. Мында депутаттардын ыркысыздыгы чоң роль ойногон. Натыйжада 2005-жылы президенттик шайлоонун алдында түзүлгөн "Бакиев-Кулов тандеми" да жокко чыгарылган.

2007-жылдын февраль айынын аягында Ф. Кулов, М. Эшимканов жана Ө. Текебаев «Бириккен фронт» уюмун түзүшүп, анын алдында К.Бакиевдин саясатына наразы болгон бардык саясий күчтөрдү бириктирүүгө аракет кылышкан. Бирок, аны алар ишке ашыра алышкан эмес. Оппозициянын башкы лидерлеринин бири болгон А. Атамбаев, президент менен келишип, премьер-министрлик кызматты ээлеп калган. Парламентарийлер да ага колдоо көрсөтүшкөн. Ошентип, бийлик эң оор кризис учурунда оппозицияны бөлүп-жарып, алсыратууга жетишкен. Президент К. Бакиевдин отставкага кетүүсүн талап кылып, апрель айында Ала-Тоо аянтында "Бириккен фронт" тарабынан уюштурулган митингдерден майнап чыккан эмес. Белгилей кетүүчү жагдай, Март (2005ж.) революциясынан кийин, Кыргызстан митингчилер өлкөсүнө айланган. Эки жарым жылда республикада эки тараптан уюштурулган чоң кичине митингдердин саны 1,5 миңден ашкан.

Президент 2007-жылы 19-сентябрда Кыргызстан элине Кайрылуу жасап, 2007-жылдын 21-октябрына Референдум жарыялаган. Референдумдун эртеси

президент тарабынан парламент таратылып, 16-декабрга партиялык тизме менен парламенттик шайлоо жарыяланган. Шайлоо болуп көрбөгөндөй мыйзам бузуу жолу менен өткөн. Натыйжада 90 депутаттык орундун 71 бакиевдик “Ак жол” партиясына тийген. Ошентип, зордукчул жана ыплас шайлоо аркылуу өзүнө “элпек жана ийкемдүү” парламентти түзүп алган президент, өзүнүн жеке жана үй-бүлөлүк, кландык бийлигин бекемдөөгө өткөн, башкача айтканда, башкаруунун “акаевдик” жолуна түшкөн.

Март (2005ж.) элдик кыймылынын толкунунда бийликке келген К. Бакиев жана анын айланасындагылар элине берген убадасын саясий элита эл массасынын үмүтүн актабаган, “үй-бүлөлүк” башкарууну жойулган эмес. А. Акаевдин мезгилинде түндүк клан мамлекеттик жогорку кызмат даражаларын ээлесе, К. Бакиевдин мезгилинде бийликке түштүк кландын өкүлдөрү бийликке келишкен. Алсак, А. Мадумаров, М. Султанов, Э. Сатыбалдиев, К. Конгантиев, М. Конгантиев, М. Кайыпов, Н. Турсункулов, А. Келдибеков ж.б. жогорку мамлекеттик кызматтарга дайындалышкан. А.Болпонова белгилегендей 2009-2010-жылдары өлкөнүн саясий номенкулатурасын түштүк кландын элитасынан туруп, 2009-жылдагы президеттик шайлоодон кийин башкаруу элитасы этникалык жана кландык аспектте өзүнүн жогорку чегине жеткен.

Жогорудагы элдик наразычылыктар, оппозициялык күчтөрдүн күчөшү 2010-жылдын Апрель окуясынын келип чыгышына өбөлгө жараткан. Белгилей кетсек, диссертациялык эмгектин хронологиясында көрсөтүлгөндөй 2010-жылдагы Апрель окуясы, андан кийинки саясий өнүгүүлөр өз алдынча изилдөөнүн талап кылган актуалдуу маселелердин бири экендиги талашсыз, диссертациялык изилдөөнүн обьектиси катары каралбагандыгын белгилеп кетмекчибиз.

## КОРУТУНДУ

Эгемендүү Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүүсүнө талдоо берип жатып төмөнкүдөй *жыйынтыктарды* чыгарууга болот:

1. Эгемендүү Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүүсүнүн тарыхнаамалык, булакнаамалык жана методологиялык аспектери илимий эмгектин алдына коюлган максат, милдеттерине илимий талдоо жүргүзүүгө, илимий пикирлерди сунуштоого мүмкүнчүлүк жаратты.

2. 1985-жылдагы апрель пленумунан кийин өлкөнүн “кайра куруу”, “тездетүү” программасынын кабыл алынышы, демократиялык тенденциялардын күч алышы, улуттар арасындагы чыр-чатактарды жаратып, бир партиянын үстөмдүгүнө каршы багытталган коомдук маанай жаралса, экономикадагы кризистик абалдын тереңдеши 70 жылдан ашуун жашап келе жаткан социалистик системанын кризиске дуушар боло жаткандыгын айгинелеген. Республикадагы жаралган коомдук-саясий кырдаал, саясий системаны өзгөртүү, эгемендүүлүккө жетишүүнү шарттай баштаган.

3. 1990-жылдын башында Кыргызстан өзүнүн өнүгүү тарыхында биринчи жолу өз алдынча, көз карандысыз, суверендүү мамлекетке айланып, саясий, социалдык-экономикалык тармакта реформаларды жүргүзө баштаган. 1991-

жылдын 31-августунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан “Мамлекеттик көз карандысыздык жөнүндөгү” декларациянын кабыл алынышы Кыргызстандын соңку жаңы тарыхындагы жаңы тарыхый этаптын башталышын айгинелеген. Саясий, социалдык-экономикалык багытта реформалар ишке ашырыла баштаган. Бул реформалардын негизги принциптери катары демократиялык баалуулуктар кабыл алынган. Президенттик башкаруунун киргизилиши, улуттук символдордун, Конституциянын кабыл алынышы, Парламенттик шайлоолордун өткөрүлүшү көз карандысыздыкка жетишкендиктин белгиси, улуттук, эл аралык денгээлдеги тарыхый окуя катары баалогоо болот.

4. Өлкөдө орун ала баштаган демократиялык багыттын, плюралистик көз караштардын шарданында бир партиянын монополиясынан, көп партиялуулук системаны түзүү аракети орун ала баштаган. Кыргызстандагы көп партиялуулук системасынын өнүгүү тархына талдоо берип жатып бир идеологиянын, конкреттүү прогамманын айланасында түзүлгөн партиялардын түзүлбөй жаткандыгын белгилеп кетүү керек. Тарыхый талдоо көрсөткөндөй партиялар идеялык жактан эмес, бийликтин партиясы, жеке лидердин партиясы, региондун партиясы катары түзүлүп, шайлоодон-шайлоого чейинки аралыкта түзүлө калышып стратегиялык максаттарды эмес, кыска мөөнөт ичинде бийликке жетүү максатын көздөшүп келүүдө.

5. 1990-жылдардын ортосуна чейин, башкача айтканда А.Акаевдин башкаруусунун биринчи этабында жүргүзүлгөн саясий реформалар демократиялык мамлекетти (башкаруу системасын) куруу багытында өнүксө, А.Акаев экинчи президенттик мөөнөткө шайлангандан тартып, өлкөдө жүргүзүлүп жаткан демократиялык кайра куруулар квазидемократиялык мүнөзгө айланган. Мамлекетти башкаруу системасында Референдумдар аркылуу Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу менен президенттин ыйгарым укуктарын ашыра көбөйтүү тенденциясы күч алган. Андан сырткары Конституциянын шайлоо нормаларын жана мыйзамдарды президенттин керектөөлөрүнө туура келтирүү багытында бардык аракеттер жасалган. Салыштырмалуу кыска тарыхый мөөнөттө республикада олуттуу реформалар ишке ашырылган: советтик тоталитардык саясий система жоюлган, бүтүндөй бийлик системасы жана коомдук мамилелер түп тамырынан өзгөрүүгө дуушар болгон, президенттик институт, парламент, көп партиялуулук сыяктуу жаңы саясий институттар киргизилген жана экономикалык реформалар жүргүзүлгөн.

6. Өлкөнүн саясий тарыхындагы А.Акаевдин, К.Бакиевдин Президенттик башкаруу доору өлкөнү өнүктүрүү боюнча ири стратегиялык пландарды кабыл алып, айрым реформаларды жүргүзүү аракеттери башталгандыгына карабастан, өлкөнүн саясий тарыхында эки президенттин тең башкаруу мезгили “үй-бүлөлүк”, “кландык”, авторитардык режимдин орношуна алып келген. А.Акаев тарабынан кетирилген саясий өнүгүүдөгү кадр саясатындагы кемчиликтер К.Бакиев мезгилинде да кайталынып, элдин наразычылыгын жаратып келген. Өздөрүнүн жеке бийлигин легитимдештирүү максатында бир канча жолу реформаларды өткөрүп, Конституцияга өзгөртүү киргизилген. Коррупциялык

көрүнүштөр өлкөнүн бардык тармактарында, өзгөчө А.Акаевдин мезгилинде өзүнүн апогеясына жеткен. Ал эми саясий чөйрөдө криминалдык элементтер К.Бакиевдин мезгилинде орун алган.

7. Кыргызстандын саясий өнүгүүсүнүн тарыхында 1990-2010жж. аралыгында демократиялык принциптерге таянуу аркылуу альтернативдүү шайлоолорду өткөрүү, саясий маданияттуулук, Конституциялык принциптерди бузбоо элементтерин сакталбастан, ар бир шайлоону өткөрүүнүн тартиби бурмаланып, саясий карама-каршылыктарды жараткан негизги факторлордун бирине айланып келген.

8. Коомдун бардык чөйрөлөрүндө ишке ашырыла баштаган кайра куруулардын негизги багыттарынын бири - Кыргызстандын саясий системасын реформалоо болгон. Өлкөнүн саясий чөйрөсүн реформалоонун өбөлгөлөрү кайра куруу жылдарында калыптанган жана Кыргызстандын эгемендүүлүктү алышы менен артка кайткыс мүнөзгө ээ болгон. Бул жараяндарды революциялык мүнөздөгү жараяндар катары баалоого толук негиз бар. Анткени, алардын натыйжасында коом бир социалдык экономикалык системадан экинчи социалдык экономикалык системага өткөн. Белгилөөчү жагдай, 2005-жылга чейин бул жараяндар өлкө ичинде саясий стабилдүүлүктү сактоо кырдаалында ишке ашырылган. Ошол эле учурда, кийинки окуялар Эгемендүү Кыргызстандын саясий жетекчилигинде өлкөбүздүн өзгөчөлүгүн эске алуу менен илимий негизде так иштелип чыккан өнүгүү программасы болбогондугун көрсөттү.

9. Жарым жартылай жүргүзүлгөн экономикалык реформалар, адилетсиз ишке ашырылган менчиктештирүү саясаты, калктын социалдык жиктешүүсүнө алып келип, элдин басымдуу бөлүгүнүн социалдык абалын кескин начарлаткан. Элдин социалдык көйгөйлөрү бийлик тарабынан өз учурунда чечилбеген. Бийлик менен элдин ортосундагы ажырым барган сайын тереңдей берген. Акырындап, бул тенденция бийликтин системалык кризисине алып келген.

10. 2002-жылдагы Аксы окуясын 2005-жылдын март айындагы элдик революциянын чыгышына өбөлгө жаратып, өлкөдөгү саясий социалдык-экономикалык кризистин жаралып жаткандыгын күбөлөндүрсө, 2005-жылдын 27-февралындагы, 13-марттагы Жогорку Кенешке болгон шайлоонун жыйынтыктары массалык мыйзам бузуулар жана фальсификация жолу менен президенттик партия “Алга, Кыргызстандын” жеңишке жетишиши, Президенттин уулунун жана кызынын депутат болуп шайланышы революциянын чыгышын тездеткен башкы факторлордун бири катары кароо зарыл.

11. 2005-жылдын март айындагы элдик революция республиканын түштүк аймагында башталган нааразычылык митингдери кыска мөөнөттүн ичинде өлкөнүн бардык аймактарын кучагына алган. Саясий оппозиция да бул кырдаалда активдешип, биригүүгө жетишкен, элдик толкунду жетектөөнү колуна алган. Региондордон башталып жер-жерлерде бийликти оппозициялык күчтөрдүн колуна өтүшү, элдик революция перманенттик мүнөздө борбордо

улантылышы, революциянын кыймылдаткыч күчүн калың эл массасы түзүп, революция элдик мүнөздө жүргөндүгүн айгинелейт.

12. Оппозияциялык күчтөрдүн жардамы менен бийликке келген К.Бакиев өлкөнүн саясий өнүгүү тарыхында А.Акаев тарабынан кетирилген каталардан арыла алган эмес. "Жаны бийлик" революциянын негизги талаптарын аткара алган эмес. 2005-жылдагы Март окуясынан кийинки 2 жыл Кыргызстандын саясий өнүгүүсүндө өлкөнүн коомдук-саясий жашоосунун туруксуздугу менен мүнөздөлөт.

13. 2007-жылы март-апрель айларында уюштурулган антипрезиденттик митингден майнап чыккан эмес. 2007-жылдын апрель айынан тартып, саясий тирешүүдөгү демилге бийликтин колуна өткөн. Өлкөдө саясий кырдаал турукташа баштаган. Ал эми, оппозициялык лагерь жиктелүүгө дуушар болгон. Бул алардын туруксуздугунун жана алсыздыгынын көрсөткүчү болгон. Бийлик абалын белгилүү деңгээлде бекемдеп алган К.Бакиев мамлекетти башкаруу саясатында акаевдик жолго түшкөн. Бакиевдик бийлик тарабынан ички, тышкы саясатта мурдагы режим кетирген кемчиликтердин баары кайталанган, (паракорлук, мыйзам бузуу жолу менен авторитардык бийликти орнотуу, үй-бүлөлүк, кландык башкаруу, кадр саясатындагы трайбализм, бийлик түзүмүнүн криминал менен ымалалашуусу (сращивание), буйрутма адам өлтүрүүлөр ж.б.). Мына ушул факторлордун жыйындысы "бакиевдик бийликти" күч менен кулаткан 2010-жылдагы Апрель окуясына алып келген. Апрель окуясын 2005-жылдагы Март элдик революциясынын "бакиевдик бийлик" тарабынан уурдалган максаттарын ишке ашырууну көздөгөн перманенттик революция катары кароого болот.

Демек, каралып жаткан мезгилдеги Эгемендүү Кыргызстандын саясий өнүгүү тарыхына талдоо берип жатып, жалпысынан төмөнкүдөй мүнөздөмө берүүгө болот: Биринчиден, Кыргыз Республикасынын алгачкы эки президентинин бийликтен мыйзамсыз күч колдонуу жолу менен алмаштырылышы, Кыргызстанда 20 жыл аралыгында эки президенттер тарабынан жүргүзүлгөн саясий реформалар эффективдүү мамлекеттик башкаруу системасын орното албагандыгын көрсөттү. Экинчиден, акаевдик жана бакиевдик режимдер президенттик бийликти мыйзамдуу цивилизациялык жол менен өткөрүп берүү саясий маданиятын калыптандыра албады. Үчүнчүдөн, демократиялык башкаруу системасына мүнөздүү болгон бийлик бутактарынын мыйзамдуу тең салмактуулугун орното алышпады. Төртүнчүдөн, өлкөнүн саясий өнүгүүсүндө улуттук саясий элитаны калыптандыра албады. Бешинчиден, акаевдик жана бакиевдик башкаруу жылдарындагы коомубуздун эң чоң жоготуусу – адамдардын аң-сезимин, жан дүйнөсүн, баалуулуктарын жаралаган руханий кризистин орун алышы болду.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

1. Республикадагы коомдук-саясий кырдаалдын, социалдык-экономикалык абалдын туруктуулугун аныктоо максатында, башкаруу органдарынын тийиштүү кызматтары калктын арасында үзгүлтүксүз

мониторинг жүргүзүп, анын натыйжаларын анализдөө менен мамлекетти башкаруу ишинин багыттарын аныктап туруусу зарыл.

2. Өлкөдө, башкаруу системасында демократиялык принциптердин туруктуу орун алуусун камсыз кылуу максатында, келечекте көп партиялуулук системаны өнүктүрүү зарыл. Ал үчүн идеологиялык бир багытты көздөгөн партияларды бириктирүү аркылуу партияларды ирилештирүү, партиялардын өнүгүшүн камсыз кылууга багытталган тийиштүү мыйзамды иштеп чыгуу керек.

3. Өлкөдө бийликти мыйзамдуу, конституциялык жол менен алмаштыруу салтын калыптандыруу архимаанилүү. Ал үчүн коомчулуктун, саясий элитанын саясий маданиятын, саясий аң-сезимин жогорулатуу багытында туруктуу идеологиялык иш-чараларды алып баруу зарыл. Мында билим берүү, илимий жана агартуучулук түзүмдөрүнүн орду өзгөчө.

4. "Кадрлар баарын чечет" урааны Кыргызстан үчүн учурда өтө актуалдуу. Мамлекеттик эффективдүү башкаруу системасын калыптандыруу, коомдун туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуу туура жүргүзүлгөн кадр саясатына түздөн түз байланыштуу. Андыктан, кадр саясатына өзөчө көңүл буруу зарыл.

**Диссертациянын темасы боюнча жарыяланган эмгектердин тизмеси:**


1. Рыскулов, К. К. Причины, характер и особенности Мартовской революции 2005 года. [Текст] / К. К. Рыскулов К.К. // Вестник ОшГУ. – 2009. –№6. – С. 129-131. https://journal.oshsu.kg/index.php/vestnik/issue/archive

2. Рыскулов, К. К. Апрель окуясы (2010) жана Кыргызстандагы башкаруу системасындагы өзгөрүүлөр жана көйгөйлөр. [Текст] / Рыскулов К. К. // Наука и новые технологии. – 2013. – №6. – 135-136-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=25118526

3. Рыскулов, К. К. Эгемендүү Кыргызстандын өнүгүү этаптары (1991-2012-жж.). [Текст] / К. К. Рыскулов // Вопросы истории Кыргызстана. – 2013. –№1-2. – 167-175-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=29712039

4. Рыскулов, К. К. 2005-жыл Март окуясынан кийинки Кыргызстандын саясий абалы жана Конституциялык өнүгүүсү (тарыхый, саясий-хронологиялык талдоо) [Текст] / К. К. Рыскулов // Вопросы истории Кыргызстана. – 2013. – №1-2. – 176-184-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=29712040

5. Рыскулов, К. К. Кайра куруу доорундагы Кыргызстандын коомдук-саясий турмушундагы демократиялык өзгөрүүлөрдүн эгемендүүлүктү алуудагы орду [Текст] / К. К. Рыскулов // ОшМУнун жарчысы. – 2014. – №.4-2. -118-124-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=32645505

6. Рыскулов, К. К. Кыргызстандагы саясий партиялар жана алардын өлкөнүн коомдук-саясий турмушундагы орду [Текст] / К. К. Рыскулов // Тарых жана мурас. – Бишкек, 2015. – 304-308-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=29712039

7. Рыскулов, К. К. Национально-государственное размежевание и этнотерриториальные конфликты в Центральной Азии [Текст] / К. К. Рыскулов // Стратегические ориентиры развития Центральной Азии: история, тренды и

перспективы. – Екатеринбург, 2021. – С. 145-149. https://elibrary.ru/item.asp?id=47578047

8. Рыскулов, К. К. Отражение политического развития независимого Кыргызстана на страницах периодической печати (1991-2010): к историографии проблемы [Текст] / К. К. Рыскулов // Актуальные проблемы социально-гуманитарного и научно-технического знания. – 2022. – №3-4 (31). – С. 1-4. https://elibrary.ru/item.asp?id=49859495

9. Рыскулов, К. К. Становление президентской власти в Кыргызской Республике [Текст] / К. К. Рыскулов // Международный журнал гуманитарных и естественных наук. – 2024. – №5-5 (92). – С. 165-168. https://elibrary.ru/item.asp?id=67874794

10. Рыскулов, К. К. Политические реформы в Кыргызской Республике: достижения и проблемы. [Текст] / К. К. Рыскулов // Международный журнал гуманитарных и естественных наук. – 2024. – №5-5 (92). – С. 169-172. https://elibrary.ru/item.asp?id=67874795

**Рыскулов Канатбек Кадыркуловичдин 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча “Эгемендүү Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүүсүнүн тарыхы (1991 – 2010жж.)” деген темадагы тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** саясий система, президенттик башкаруу, авторитардык бийлик, көп партиялуулук, Референдум, революция, Конституциялык реформа, оппозиция.

**Изилдөөнүн максаты:** Эгемендүү Кыргыз республикасынын саясий өнүгүүсүнүн тарыхына талдоо берүү.

**Изилдөөнүн объектиси:** Эгемендүүлүк мезгилдин саясий өнүгүүсү.

**Изилдөөнүн предмети:** 1991-2010жж. Кыргызстандагы саясий процесстер. 1991-2010жж. Эгемендүү Кыргыз республикасынын саясий өнүгүүсүнүн тармактары болгон Президенттик башкаруу тутумун киргизилиши, Элдик референдумдардын өткөрүлүшү, көп партиялуу тутумун жаралышы, мамлекеттик саясий кризистин жетилиши, 2005-жылдын Март революциясы каралат.

**Изилдөөнүн методологиясы:** теория менен практиканын биримдигин ишке ашырууга өбөлгө түзүүчү проблемалык-хронологиялык, салыштыруу-аналитикалык, ретроспективдүү-тарыхый жана логикалык изилдөөлөр жүргүзүлдү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

- Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүү тарыхын чагылдырган жаңы тарыхый булактар илимий айлампага киргизилди;

- 2005-жылдагы Март окуясын Кыргызстандын эгемендик доорундагы саясий, социалдык-экономикалык кризистердин натыйжасында жаралган, карапайым калктын жигердүү катышуусу аркылуу ишке ашырылган элдик революция катары баалоого болот.

**Колдонуу боюнча сунуштар.**

Диссертациянын илимий жыйынтыктарын жогорку жана орто окуу жайларда Кыргызстандын тарыхы, саясат таануу предметтерин окутууда, мамлекет таануу, инсан таануу багыттарында изилдөө иштерди жүргүзүүдө материал катары колдонулушу мүмкүн.

**Колдонуу чөйрөсү**. Диссертациянын материалдары «Кыргызстандын тарыхы», саясат таануу боюнча жалпы илимий эмгектерди жазууда, Эгемен Кыргызстандын коомдук-саясий турмушуна талдоо жүргүзүү боюнча курстарды уюштурууда пайдаланылышы мүмкүн


## РЕЗЮМЕ

**диссертации Рыскулова Канатбека Кадыркуловича на тему “История политического развития суверенной Кыргызской Республики (1991 – 2010гг.), написанной на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности "07.00.02 - отечественная история”**

**Ключевые слова**: политическая система, президентское правление, авторитарная власть, многопартийность, референдум, революция, конституционная реформа, оппозиция.

**Цель диссертации:** дать анализ истории политического развития суверенной Кыргызской Республики.

**Объект исследования:** Политическое развитие периода суверенитета

**Предмет исследования:** Предметом рассмотрения являются политические процессы в Кыргызстане (1991-2010): введение президентской системы правления, проведение всенародных референдумов, создание многопартийной системы, созревание государственного политического кризиса, мартовская революция 2005 года.

**Методология исследования**: проведены проблемно-хронологические, сравнительно-аналитические, ретроспективно-исторические и логические исследования, способствующие реализации единства теории и практики.

**Научная новизна исследования:**

- Введены в научный оборот новые исторические источники, отражающие историю политического развития Кыргызской Республики;

- Мартовские события 2005 года можно охарактеризовать как народную революцию, вызванную политическими, социально-экономическими кризисами эпохи суверенитета Кыргызстана, осуществленную при активном участии народных масс.

**Практические рекомендации:** Научные результаты диссертации могут быть использованы в качестве материала при преподавании в высших и

средних учебных заведениях предметов по истории Кыргызстана, политологии, при проведении исследовательской работы по направлениям государствоведение и человековедение.

**Область применения.** Материалы диссертации могут быть использованы при написании обобщающих научных трудов по «Истории Кыргызстана», политологии, организации курсов по проведению анализов общественно-политической жизни Суверенного Кыргызстана.


## ABSTRACT

**of the dissertation by Kanatbek Kadyrkulovich Ryskulov on the topic: "The Political Development History of the Independent Kyrgyz Republic (1991-2010)" submitted for the degree of Candidate of Historical Sciences in the specialty National History (07.00.02)**

**Keywords:** political system, presidential governance, authoritarian rule, multiparty system, referendum, revolution, constitutional reform, opposition.

**Research Objective:** to analyze the political development history of the independent Kyrgyz Republic.

**Research Object:** Political Development during the Sovereignty Period

**Research Subject:** The political processes in Kyrgyzstan (1991-2010), including the establishment of the presidential system of governance, the conduct of nationwide referendums, the formation of a multiparty system, the escalation of the state political crisis, and the March Revolution of 2005.

**Methodology:** the given research employs a combination of problem-chronological, comparative-analytical, retrospective-historical, and logical methods to integrate theory with practice.

**Scientific Novelty of the Research:**

– New historical sources that depict the political development history of the Kyrgyz Republic have been introduced into scientific circulation.

– The March 2005 events are interpreted as a popular revolution, resulting from the political and socio-economic crises of the post-independence era in Kyrgyzstan, which was achieved through the active participation of the masses.

**Recommendations for using.** The results of this dissertation can be utilized in teaching the history of Kyrgyzstan, political science, state studies, and human studies at both higher education and secondary schools, as well as for conducting research in these fields.

**The sphere of application.** The dissertation materials can be used when writing general scientific works on the “History of Kyrgyzstan”, political science, organizing courses on conducting analyzes of the socio-political life of Sovereign Kyrgyzstan.